КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIII СЕССИЯСЫ**

**ТОКТОМ №22**

**25-ноябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

**Багыш айылдык кеңешинин**
**VIII чакырылышынын X сессиясынын**
**2025-жылдын 13-августундагы**
**№2 токтомун жокко чыгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын, Багыш айылдык кеңешинин Регламентинин негиздеп, Багыш айыл өкмөтүнүн жетекчилиги 2025-жылдын 10-ноябрындагы 01-15/348 сандуу “2025-жылдын 13-августундагы №2 Багыш айыл өкмөтүнө берилип жаткан экскаватор техникасын муниципалдык менчикке алууга макулдук берүү жөнүндө берүү жөнүндө токтомун жокко чыгарып берүү жөнүндө” кайрылуусун жана Багыш айылдык кеңешинин Бюджет, каржы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик, транспорт, кызмат көрсөтүүлөр жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын сунушун угуп, талкуулап Багыш айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Багыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын X сессиясынын 2025-жылдын 13-августундагы №2 токтому жокко чыгарылсын.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Багыш айылдык кенешинин бюджет, каржы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик, транспорт, кызмат көрсөтүү жана экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Жолборсовго жүктөлсүн.

3. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыяланып жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**